# Көз айнек



Автор: Шүкүрбай кызы Үмүтай
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

# Көз айнек

Автор: Шүкүрбай кызы Үмүтай
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Көз айнек" (кыргыз тилинде), автор Шүкүрбай кызы Үмүтай,
сүрөтчү Айжамал Молдогазиева

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мектептен келсем, чоң энем алдына жаңы төшөктү жайып, шырыйын деп камданып отуруптур.

– Ай, балам, көз айнегимди алып берчи? – деди чоң энем.

– Кайсы жерде эле, чоң эне?

– Төркү бөлмөдө. Бийик текчеге койбодум беле, ага боюң жетер бекен?

– Жетет, чоң эне! – деген бойдон чуркап кеттим.

Бурчтагы отургучту алдым да, текчеде турган көз айнекке жеттим. Кайра жерге секирип түшкөнүмдө, отургуч кулап, колумдан көз айнек ыргып кетти. Так эле көз айнекке тийгенин карасаң! Эми чоң энеме эмне дейм?



Төшөктү кармалап олтурган чоң энем:

– Кана, алып келдиңби? – деп мен тарапка карады.

– Отургуч оодарылып кетип, басып калды...

Колумдагы сынык көз айнекти көрсөтүп, шылкыйып турдум.

Чоң энем колундагы ийнеге учук саптай албай отуруп калды.

– Бериңиз, мен саптайын.

– Биринчи сынган көз айнекти таштап кел, – деди чоң энем.

Чуркаган бойдон таштанды челекке ыргытып салдым. Кызык, чоң энем мени эмнеге урушпайт?

– Саптачы, – деди чоң энем, колундагы ийне-жибин мага сунуп. Ийненин көзү даана көрүнөт экен! Заматта саптап бердим.

– Ой, айланайын, көзүң курч турбайбы! – деп чоң энем сүйүнүп кетти. Ошол күндөн тартып чоң энемдин ийнесин саптаган жардамчыга айландым.

Арадан көп өтпөй чоң энем экөөбүз сейилдеп чыктык. Калың көлөкөлүү дарактын түбүндө отуруп ал мага мындай деди.

– Тээтиги жалбырактын үстүндөгү жашыл чегирткени көрдүңбү?

Жапжашыл дарактан башка эч нерсе көргөн жокмун. Чоң энем тээ алыстагы жалбырактын үстүндөгү чегирткени кантип көрүп алды? Кызык, ийне саптай албай жатпады беле? Мени тамашалап жаткан го?

– Кайсы чегирткени айтасыз, чоң эне? Мага жашыл жалбырак эле көрүнүп турбайбы!

– Ой, балам, мен көргөндү сен кандай көрбөй жатасың? Чын айтасыңбы? Ийнеге учук саптаганың менен, алысты көрбөй жатасың го, – деди чоң энем кабатырлана.

Чоң энем ошол эле жерден:

– Эми экөөбүз чогуу көз догдурга барабыз, – деп чыкты.



Мага каякка болсо деле чоң энемди ээрчиген жагат. Ал көз догдурду алыстан эле таанып алды:

– Тээтиги келаткан мени дарылаган көз догдур, – деди.

– Догдур балам, мен келдим.

– Келе бериңиз, чоң эне! – дарыгер жылмайып тосуп алды.

– Мобу неберем көз айнегимди сындырып алды. Мага башкасын даярдап берчи, – деди чоң энем.

– Албетте, бир аз күтө туруңуз, – деди көз догдур.

– А баса, балам, бул баламдын да көзүн бир текшерип койчу, – деди чоң энем.

– Ой, кыйын жигит турбайбы, кана? – деп дарыгер тамгаларды алыстан коюп окутту.

- “Ш", "Б", "М"…


Үчүнчү катарга чейин жакшы эле көрүндү. Андан кийинки катарлар бүдөмүк. Окуй албай койдум.

– Түшүнүктүү. Балаңызга да көз айнек даярдап берели. Китеп окуганда кереги деле жок. Мектепке барарда тагып алсын, алысты көргөнгө жардамы тиет, – деди дарыгер.

Анан мага карап:

– Мындан ары чоң энең экөөңөр сабизди, ашкабакты, балыкты көп жегиле. Анткени алардын витаминдери көзгө пайдалуу. Уюлдук телефонду көп караба, – деди.

Көз айнекти такканда, чын эле баары алыстан абдан даана көрүндү. Кааласам дарактагы жалбыракты чоң энеме санап берем!


Ш Б
М Н К
Ы М Б
А В С М К
СТЦВНРД

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Шүкүрбай кызы Үмүтай
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли